Бекитемин

Директор: А.Н.Жоробекова

# Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектеби

# Социалдык педагогдун жылдык планы

## 2022-2023-окуу жылы

| Багыттар | Аткарылуучу иштер | Кл | Мөөнөтү | Жооптуулар | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Окуучулар Менен иштөө** | **Сентябрь** | | | | | | |
| | 1.Окуучулардын социалдык абалын аныктоо. | 1-9 | 1-20.09.2022 | Кл.жет., соц.пед. | Кл.жетекчи бирикмесинде | Кл.жет.,ата-энелер. | Окуучулардын социалдык абалы аныкталат. |
| **Пед коллектив менен иштөө** | 2.Жаны келгендерди, кайра окуй баштаган окуучуларды, 5 класстын окуучуларын ыңгайлаштыруунун жүрүшүндө,жүрүм-турумунда оксүгү бар балдарды педагогикалык калыбына келтирүүдө социалдык педагогикалык колдоо жанакам көрүүнү ишке ашыруу. | 1-9<br>6-9 | 17-24.09.22. | Класс жетекчилер, соц.педагог | Класс жетекчилер бирикмесинде | Окуучулар. класс жетекчилер | |
| | 3.Кыздар арасында иштерди уюштуруу. Кыздар кеңешин түзүү. | 5-9 | 16.09.22. | Кыздар кеңешинин төрайымы | Окуучулар чогулушунда | Кыздар кеңешинин төрайымы | Кыздар кеңеши түзүлөт. |
| | 4.Ата-энелер арасында байланыш түзүү. | | 17.09.2022. | Класс жетекчилер , соц.педагог | | | Аталар,апалар коому түзүл |
| | 5.Жетим,жарым жетим, инклюзив, инвалид жана группа рискадагы балдардын тизмесин тактоо. | 1-9 | 20.09.2022 | | | | Так маалыматтар алына |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Үй-бүлө менен иштөө** | 1.Жакыр үй-бүлөлөрдүн тизмесин тактоо.<br><br>2.Турмуш шарты оор балдардын үйлөрүн кыдыруу.<br><br>3.Инвалид балдардын жөндөмдүүлүгүн иликтөө.<br><br>4.Жөндөмдүүлүгүнө жараша ар кандай ийримдерге тартылууга жардам берүү. | 1-9кл | 24.09.22.<br><br>27.30.22. | Соц педагог<br><br>Класс жетекчилер<br><br>Соц педагог<br><br>Класс жетекчилер | Кл.жетекчилердин бирикмесинде<br><br>Өндүрүштүк кеңешмеде<br><br>Мүдүралдындагы кеңешмеде<br><br>Класс жетекчилербирикмесинде | Окуучулар, класс жетекчилер.<br><br>Парламенттин мүчөлөрү.кл жетекчилер.<br><br>Чогулуш.класстык сааттар.<br><br>Парламент, мугалимдер | 1.Так маалымат алынат<br><br>2.Турмуш шарты начар үй-бүлөдөгү балдардын муктажд.аныкталат.<br><br>3.Окуучулардын шык-жөндөмдүүлүктөрү аныкталат.<br><br>Ийримдерге тартылышат |
| | | 5.Томолой,жарым-жартылай,соц жетимдер менен иш алып баруу, жашоо шартын иликтөө. | 1-9-класс | Дайыма | Мектеп администрациясы, соц педаго | Класс жетекчилер бирикмесинде. | Окуучулар,класс жетекчилер | Соц,томолой,жарым жетимдер менен жекече иштер жүргүзүл жашоошарты аныктала |

**Октябрь**

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Окуучулар менен иштөө** | 1-5-класстын окуучуларынын жаңы окуу шарттарынын калыптанышы. «Сенин жашооң кандай болуп жатат?» анкета. | 5-кл | 2.10.2022. | Кл.жет,соц педагог. | Класс жетекчилер бирикмесинде | Окуучулар, анкеталар | Окуучуларөз абалдарын аныктай билишет. |
| | | 2.Ата-энелер менен байланышып, турмуш шарты менен таанышуу. | 8-9-кл | Ар бир айда. | Соц педагог.<br><br>организатор. | Усулдук кеңешме, кл.жетек | Окуучулар, ата-энелер. | Ата-эненин социалдык абалы аныкталат. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3.Иштеп жүргөн окуучу балдарды иликтөө | 9-кл | Ар бир айда. | Соц педагог жана организатор | Мүдүр алдындагы кеңешмеде | Класс жетекчилер | Так маалымат алынат. |
| | | 4.Хиджаб кийген кыздар менен аңгемелешүү.<br>Мечитке жума намазга барып жүргөн балдарды аныктоо. | 5-9 кл. | 12.10.2022. | Соц педагог. | Мүдүр алдындагы кеңешмеде | Мугалимдер ,мектеп администрациясы | Окуучулардын диний кө<br>караштарын аныкталат |
| | **Пед.коллектив менен иштөө** | 1.Рекетчиликке каршы тарбиялоо иштерин жүргүзүү.<br>Рекетчилик темасында анкета алуу жана<br>класстык саатарды өткөрүү. | 6-9-кл | Октябрь | Соц педагог ,класс жетекчилер. | Класстык бөлмөлөрдө | Класстык саттар,парламент. | Алдын ала иштер<br>жүргузүлөт. |
| | | | | | | | | |
| | **Үй-бүлөменен иштөө** | 2.Бирөөгө көзкаранды болуу эмнеден башталат»Ата-энелер үчүн анкета жүргүзүү. | 1-9-кл | Октябрь | Класс жетекчи, соц педагог. | Усулдук кеңешмеде | Мугалимдер ,ата-энелер. | Ата-энелерден анкета<br>Алынат |
| | **Алдын алуу кеңеши.** | 3.Тарбияга оорчулук келтирген балдар менен иш алып баруу. | 1-9-кл | Ай ичинде | Класс жетекчилер,<br>соц педагог | Мүдүр алдындагы кеңешмеде | Класс жетекчилер, докладдар. | Окуучулардын ойлоо<br>сезимдери тазаланат. |

**Ноябрь**

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Окуучулар менен иштөө** | 1.Бала укуктары тууралуу конвенция менен таанышытыруу.<br>2. Үй-бүлөлүк жашоо турмушу менен таанышуу үчүн рейд жүргүзүү | 1-9-кл | 15-ноябрь<br>23-30-ноябрь | Класс.жет.<br>Соц.педагог<br>ИДН кызматкери | Өндүрүштүк кеңешмеде | Класстык саттар | Окуучулар өз укугун<br>жана милдетин түшүнө<br>Так маалымат алынат |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Пед коллектив менен иштөө** | 1.Окуучулардын ден соолугу боюнча анализ жүргүзүү .<br>2.Кыз жигиттер ортосундагымамиленин маданияттулугун сактоого багыттоо. | 1-9-кл<br>6-9 кл | 18.11.22.<br>Ай ичинде<br>Ай ичинде | Мед кыз.Кызматкерлер, класс жетекчилер. | Класс жетекчилердин кеңешмесинде | Класс жетекчилер | Кыз жигиттер ортосундагы маданиять калыптанат. |
| | **Үй бүлө менен иштөө** | 1.Сен жашоону кандай кабылдайсың?(анкета) | 7-9-кл | 22.11.22 | Класс жетекчи | Усулдук кеңешмеде | Окуучулар | Алдын ала иштер жүргүзүлөт |
| | | 2.Балдарды зордук-зомбулуктан сактоо жана балдар арасында суицид проблемасын алдын алуу максатында ата-энелер менен иш жургузуу жана балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү | 1-9-кл | Ай ичинде | Соц педагог | Усулдук кеңешмеде | Ата-энелер, окуучулар | Ата-энелердин балдары Болгон жоопкерч.күчөйт |
| | | 3.Турмуш шарты оор окуучулардын кийим кечек менен камсыз болушуна көмөк көрсөтүү. | 1-9-кл | Ай ичинде | Соц педагог | Усулдук кеңешмеде | Спонсорлор. | Окуучуларкийим-кече менен камсыз болот. |
| | | | | | | | | |

## Декабрь

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Окуучулар менен иштөө** | 1.«Сен жакшы окуучусуңбу?»анкета жүргүзүү.<br>2.Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы..<br>3.«Мектепте рекетчилик барбы?» (диспут) | 6-8-кл | 14.12.22. | Кл.жетекчи.<br>Соц педагог | Класс жетекчилер бирикмесинде. | Анкета.диспут,<br>кл бөлмө. | Алдын ала иштер жүргүзүлөт.<br>Жыйынтыгы чыгарылат<br>Пикирлешүү жүрузүлөт |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Пед коллектив менен иштөө<br><br>Алдын алуу кеңеши | 1. «Өспүрүмдүн ден соолугу»--тамеки чегүү,наркотикалык заттардан алыс болуу.(кл сааттар)<br><br>2.Адам укуктарынын жалпы декларациясы менен таанышуу.Адам укугун бузган уюмдар,чөйрөлөр жөнүндө. Кл саттар:Өз укугуңду жана милдетиңди билесиңби?<br><br>3.Мугалимдердин окуучуларга болгон гумандуу мамилесин өнүктүрүү.<br><br>4.Өспүрүмдөрдүн ден соолугуна шек келтирген терс көрүнүштөр | 7-9-кл<br><br>7-9-кл<br><br>7-9 кл. | Декабрь<br><br>10-декабрь<br><br>13.12.22 | Соц педагог<br><br>Соц педагог<br><br>ИДН кызматкер | Усулдук кеңешмеде<br><br>Мүдүр алдындагы кеңешмеде | Класстык саттар,докладдар<br><br>,класстык чогулуштар. | Адам укугунун жалпы деклорациясы менен таанышышат.<br><br>Наркотикалык заттардь зыяндуу экенин түшүн<br><br>Пикирлешүү өткөрүлөт |
| **Январь** | | | | | | | | |
| | **Окуучулар менен иштөө** | 1.Инклюзив окуучулардынсабакта рынакатышуу.<br>А)Эске тутумун, аң сезимин,кунт коюсун.<br><br>Б)Окуучунун үйбүлөдөгү шартын .<br><br>2.Сабактан жетишпеген окуучулар менен каникул учурунда жекече иштөө.<br><br>3.Мектеп айланасында тамеки чеккендер болбошу үчүн рейд жүргүзүү. | 1-9-кл<br><br>5-9-кл<br><br>5-9-кл | Ай ичинде | Кл.жетекчи.<br><br>Соц педагог.<br><br>Кл жетекчи | Усулдук кеңешмеде. | Мугалимдер ,кл жетекчилер.<br><br>Кл жетекчилер. | Сабактан жетишпегендигинин себеби аныкталат.<br><br>Окуучулардын ден соолугунакам көрүү башталат. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Үйбүлө менен иштөө** | 1.Ата-энелер чогулушуна катышуу.<br>2.ИДН дин учетунда турган окуучулардын үйүнө баруу. | 7-9-кл | Ай ичинде | Админстрация<br>соц педагог<br>,кл.жетекчи. | Усулдук кенешмеде<br>Өндүрүштүк кеңешмеде | | |
| **Февраль** | | | | | | | | |
| | **Окуучулар менен иштөө** | 1.«Кичи пейил болуу деген эмне?»<br>«Адамдын кайсы сапаты үйдө жана коомчулукта сыйлайт?»<br>«Балдар-балдарга» кайрымдуулук акция өткөрүү. | 1-9-кл | Ай ичинде<br>10.02.23 | Класс жетекчилер<br>Соц педагог | Усулдук кеңешмеде | Класс жетекчилер | Адамдардын жогорку сапаты аныкталат |
| | **Пед коллектив менен иштөө** | 1.Тарбияга оорчулук келтирген окуучулар менен иш жүргүзүү.<br>2.Мугалимдерге жекече кеңештер. | 5-9-кл<br>1-9-кл | 22.02.23.<br>Талап боюнча | Админис - трация соц педагог | Класс жетекчилер дин бирикмесинде | Окуучулар ,мугалимдер | |
| | **Үй-бүлө менен иштөө** | Ата-энелер менен администрация мүчөлөрү бирдикте мектеп айланасында рейд жүргүзүү | 5-9кл | | Парламент<br>Соц.педагог<br>Класс жет. | Парламентте | Аталар кенеши. | |
| | **Алдын алуу Кеңеши.** | 1.Мектеп ичиндеги орой мамилени жок кылуу боюнча чогулуш өткөрүү. | Кеңеш | 26.02.23 | Кеңеш. | Өндүрүштүк кеңешмеде | Класс жетекчилер ,соц педаг | Конкурстар өткөрүлүп жеңүүчүлөр аныкталат |
| | | 2.Суициддин себептери | 7-9кл | Ай ичинде | Кеңеш. | Мүдүр алдындагы кеңеш | Класс жетекчилер, ,админис-я | Суициддин себептери аныкталат. |

## Март

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Окуучуларм енен иштөө** | 1.Окуучулар арасында мүнөздөрүн аныктоо боюнча анкета жүргүзүү | 5-9-кл | Ай ичинде | Кл.жетекчи.<br>Соц педагог | Класс жетекч илер дин кеңешмесинде | Окуучулар,а нкеталар. | Анкеталар алынып, мүнөздөрү аныкталат. |
| | | 2.Сабактарынан артта калган окуучулармен ен аңгемелешүү.<br>ИДН учетунда турган окуучулар-дын үйлөрүн кыдыруу. | 1-9<br>5-9 | Ай ичинде | Соц педагог | Парламентте | Окуучулар | Сабактардан артта калган окуучулармене аңгемелешууИДН учет дагы балдардынүйлөр рейд жасалат. |
| | **Пед коллектив менен иш-төө** | 1. 5-6-кл.үй-шартыначар окуучулар менен иш алып баруу. | 5-6-кл | Ай ичинде | Кл.жетек чилер | Усулдук кеңешмеде | Окуучулар, предметтик мугалимдер | Үй шарты начар окуучулар менен жек иштер жүрүзүлөт. |
| | **Үй-бүлө менен иштөө** | 1.«Ата-энелердин балдарына болгон мамилеси.» деген темада ата-энелер чогулушу. | 1-9кл | Ай ичинде | Класс жетекч илер<br>Класс жетекч илер | Өндүрүштүк кеңешмеде | Кл.жетекчи лер,адмнинис трация | Пикирлешүү өткөрүл |
| | **Алдыналуу кеңеши** | Суицидди болтурбоо үчүн алдыналуу кеңеши. | 7-9-кл | 18-март | Кеңеш. | Мүдүралдынд агы кеңешме де. | Кл.жетекчи лер,админис трация, | Суицидин себептері аныкталат. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |
| | | | | **Апрель** | | | | |
| | **Пед коллектив менен иштөө** | 1.Суицид боюнча анкета жүргүзүү .Анкета боюнча шектүү окуучулардын үстүндө иш алыпбаруу.Алар үчүн байкоо дептерлерин ачуу. | 5-9-кл | Айдын башында | Соц педагог | Кл.жеткенеш месинде | Окуучулар, классжетек-чилер, анкеталар | Анкеталар алынып,бай жүргүзүлөт. |
| | | 2.«Депрессиядан чыгуу жолдору» деген темада окуучулар менен тегерек стол. | | | Соцпедагог,кл .жетекчилер | Кл.жеткенеш месинде | Окуучулар,к лассжет,лек циялар | Алдын ала иштер жүргүзүлөт. |
| | **Окуучулар менен иштөө** | 1.Кесип тандоого туура багыт бер үү иштеринжүргүзүү.<br>2.Аттестация учурунда окуучунун өзүн бекем кармап стресске кабылбашы үчүн психологиялык иш-чараларды өткөрүү. | 7-9кл | Ай ичинде | Соц.пед. | | | Пед совет өткөрүлөт. |
| | **Алдыналуу кенеши.** | Инвалид жана инклюзив окуучулардын саб акты өздөштүрүү абалы. | 1-9 | Талапка ылайык | Администрация,соц педагог. | Мүдүр алдын дагы кенешмеде | Окуучулар, мугалимдер | Алдын ала иштер жүргүзүлөт. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Май** | | | | | | | |
| | **Окуучулар менен иштөө** | 1.ИДНдин учётунда турган же « Тобокел» группасындагы окуучулардын абалы. | 5-9-класс | 10.05.23 | Класс .жетекчилер, Соц педагог | Класс жетекчилер бирикмесинде | Класс жетекчилер | Алдын ала иштер жүргүзүлөт |
| | **Алдын алуу кеңеши** | Тарбияга оорчулук келтирген окуу учурлардын абалы. Мамлекеттик экзамендерге даярдыгы. | | Ай ичинде | Соц педагог | | | |
| | **Пед коллектив менен иштөө** | 1.Жылдын жыйынтыгын анализдөө | 1-9-кл | Ай-ичинде | Класс жетекчилер.Мектеп администрациясы | Мудүр алдындагы кеңешмеде | Мугалимдер, директор, окуу бөлүмбашчысы | Маалыматтар алынат |
| | **Үй-бүлө менен иштөө** | 2.Жайкы каникулда жаш өспүрүмдөрдүн эмгегин оор жумуштарга пайдалануу коркунучтарына бөгөт коюу боюнча ата-энелер менен аңгемелешүү. | 1-9-кл | 23.05.23 | Ата-энелер, соц педагог | Мудүр алдындагы кеңешмеде<br><br>Мудүр алдындагы кеңешмеде | Администрация Класс жет Ата-энелер | Маалыматталынат<br><br>Алдын ала иш-чаралар көрүлөт |

Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата соц.педогогдун профилактикалык иштери боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын жылдык маалыматы

Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде сентябрь айында профилактикалык кеңешмелердин кеңешмесин уюштуруу жана иш пландары мектеп администрациясы жана соц.педагог менен бирге иштелип чыкты . Бир жылдык соц.педагаогдун иш планы иштелип чыгып бекитилди.Класс жетекчилер тарабынан ар бир окуучунун соц.паспорттору такталып, аныкталып түзүлдү.Соц.паспортто ар бир окуучунун данныйы, жашоо шарты, ата-энеси жөнүндө маалымат, байланыш телефондору баардыгы камтылган. Окуучулардын курамын , турмуш тиричилик шарттарын аныктоо( жарты жетим, томолой жетим, көп балалуу, мүмкүнчүлүгү чектелген ж.б) тизмелер такталды.Билим тармагы тарабынан келген буйруктардын негизинде мектеп ичинде класс жетекчилерменен бирдикте иш-чаралар өткөзүп жатты.

Сырткы мигран балдардын ата-энелеринен камкорчу адамга түшүнүк каттар алынган.Мектеп ичинде жалпысынан 42 окуучу катталган.Мектеп ичинде тарбиялоого оор деп эсептеген балдар жок.Тентентик жасаган окуучулар менен суйлөшүү иши жүргүзүлөт.ИДН менен жолугушуу соцюпелагог тарабынан жүргүзүлүп турду.Ата-энелер жыйналышы класс жетекчилер тарабынан уюштурулуп, профилактикалык иш-чаралар өтүлүп турду.Ар кандай маалыматтар берилип турду.Соц.педагог,ИДН менен бирдикте мигрант үй-бүлөлөргө рейд жүргүзүп такталып турду.Класс жетекчилер окуучулардын үлөрүнө рейд жүргүзүп, жашоо шарттары менен таанышып турушту.

Жыл бою сабактан көп калтырган балдар менен иштер жүргүзүлүп турду.Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча план иштелип. Көрсөтүлгөн иштер боюнча мөөнөтүндө иштер аткарылып турду.Тартип бузуу , мектептин эрежесине баш ийбөө, терс көрүнүштөрдү жасоо боюнча класстык сааттарды ангемелер жүргүзүлүп турду.Видео роликтер көрсөтүлүп турду.Мектеп ичинде балдарга адеп-ахлактык , мекенге , ата-энеге болгон сүйүү, гумандуулук, боорукерлик , кайрымдуулук, кечиримдүүлүк боюнча классттык сааттар ар бир окуучунун жаш өзгөчөлүктөрүнө эске алуу менен отүлүп турду жана ар канда ймаалыматтар берилип турду.Аз камсыз болгон үй-бүлөлөлөр менен тыгыз байланышта болуп, мектеп колдон келген жардамын көрсөтүп турду.

« Эрте никеге туруугa жол жок» теманын үстүндө класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өтүшүп, эрте турмуш куруунун терс жактарын ачып берүү менен кошумча ата-энелер мене ниш алып барышты.Жашоо турмуштан мисал алуу менен бирге ар кандай видео роликтер, слайддар жасалып көрсөтүлдү. « Зордук зомбулуксуз дүйнө», «Зордук зомбулукка каршыбыз», « Рекеттчилик» мектеп ичиндеги рекетчилик ж.б темалардын негизинде ар кандай класстык сааттар, сценкалар өтүлдү.Мында балдарды коргоо укутары боюнча видео роликтер, тасмалар, слайддар көрсөтүлдү.Үй-бүлөдөгү моралдык тарбия берүү, ата-эненин жоопкерчилиги, балдардын уктары жөнүндө аңгемелешүүлөр, тегерек столдор болуп өттү. СПИД дүйнөгө тараган айыккыс оруу тууралуу ар түрдүү коргонуу жолдору айтылып , классттык сааттарда каралды.Каникул убагында окуучулардын коопсуздугу , өмүрүнө ата-энелер жоопкерчиликтүү болуусуна тил каттар алында.Анда каникул убагында балдарды өз алдынча эс-алууга, тоого, көлгө, ар кандай эс алуучу жайларга , кафелерге жөнөтпөө тууралуу , унаа токтоочу жайлардан, электр жайгашкан жерлерден сактануу эскертилди.

Соц.педагогдун аткарган жумушу азыркы кырдаалда мамлекетибизге өтө чоң жардам болот деп ойлойм .Себеби соц.базаны аныктоонун алгачкы баскычы мектептен башталып жатпайбы. Ошондуктан биздин эмгегибиздин максаты, келечек жаш өспүрүмдөрдүн тагдырына кайдыгер карабастан туура жолго багыт берүүбүз эң маанилүү деп ойлойм.

Соц.педагог Далимов Х

Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2020-2021-окуу жылына карата соц.педогогдун профилактикалык иштери боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын жылдык маалыматы

Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде сентябрь айында окуу жылы аралыктан окутууга карабастан окуучулардынн соц.паспорттору класс жетекчи тарабынан аныкттаттырылып тактaлды.Билим тармагы тарабынан келген буйруктардын негизинде мектеп ичинде класс жетечилер менен бирдикте иш-чаралар өткөзүлүп жатты.Сентябрь айында « Адам сатуу-бул кылмыш» деген теманын үстүндө класс жетекчилерге тааныштырылып , окуучулар арасында түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү.8-класстын класс жетекчиси Умаралиев Азамат, 10 класстын класс жетекчиси Талапбаева Севара аралыктан окутуу менен видео жасап , окуучуларга кылмыштуулуктун арты дайыма ачык экендигин тастыктаган маалыматтар менен окуучуларды туура багыттагы жолду тандоого үгүттөдү. Ошондой эле « Манас жаштар « уюму окуучуларга кайрылуу түрүндөгү видео, слайд жасап , адам сатуунун эң жаман терс жактарын ачып берүү менен өздөрүнүн ой-пикирлерин тастыкташты.

« Карылар күнүнө» карата буйруктун негизинде аралыктан жүргүзүү иштери аткарылды. Мисалы: « Карысы бардын ырысы бар» деген темага ар бир класс видео сабактарды өтүштү.Үйндөгү кары адамдарга куттуктоолорду жазышып, ырларды тартуулашты, 5-11-класстар эссе жазышты.

« Биз биргебиз» деген ураандын алдында мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга колдоо көрсөтүү жолдору тууралуу түшүндүрмө сабагын өтүштү.Ошону менен бирге эле 11-класстын окуучулары айылыбыздагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга белек тартуулап кубанычка бөлөштү.

Өкмөт тарабынан келген буйруктун негизинде « Эрте нмкеге турууга жол жок» деген теманын үстүндө класс жетекчилер видео сабак өтүштү, эрте турмуш куруунун терс жактарын ачы берүү менен кошумча аудио менен түшүндүрүп беришти. Ата-энелер менен жаш оспүрүмдөрдүн эрте никеге туруунун терс жактарын аныктап берүү мене социалдык оор шарттарга кабылып калбастыгытууралуу айтылды.

« Чылым чегүү, аракечтик , наркомания өмүргө зыян « темасында 6-11-класстын окуучулары арасында өтө таасирдүү видеолорду көрсөтүү менен үй-бүлөгө,айлана-чөйрөгө, коомго тийгизген терс таасирлерин ачып бере алышты. Ошондой эле ден-соолукка канчалык көйгөй жарата тургандыгы жөнүндө кеңир маалымат алышты.

СПИД дүйнөгө таралган айыккыс дарт тууралуу ар түрдүү коргонуу жолдору айтылып , окуучулар теманын үстүндө сүрөттөрдү тартышып талкуу жүргүзүштү.

« Кылмыштуулук жана зордук-зомбулук «мбоюнча иш плпны иштелип бекитилди. Мектеп жамаатына жана класс жетекчилерге тааныштырылды.Үй-бүлөдөгү моралдык тарбия берүү , ата-эненин жоопрекрчили, балдардын укуктары темалардын үстүндө ангемелерди , диспуттарды өткөрүлдү. Балдардын укугу тууралуу маалымат такталары уюштурулган.Класстык сааттар : « Зордук зомбулуксуз дүйнө», « Зордук зомбулуксуз үй-бүлө», « Балдардын сергек жашоосу» ж.б темалар белгиленип корсөтулгөн.Балдарды коргоо укутары боюнча видео роликтер, тасмалар көрсөтүлүп турат.Бул иш-чара окуу жылынын аягына чейин уланып жүргүзүлдү.

Профилактикалык иш жургүзүү боюнча « Мен укугумду билемин», «Укук деген эмне?»ж.б темалардын үстүндө маек куруу, слайд көрсөтүү менен аракыктан окутууда тааныштырылып өтүлдү.

Мектеп ичинде тарбиялоого оор деп эсептелген балдар жок.Тентектик жасаган окуучулар менен суйлөшүү иши жүргузүлөт.ИДН менен жолугушуу соц.педагог тарабынан жүргузүлүп турду.Ата-энелер жыйналыштары онлайн турүндө уюштурулуп, маалыматтарберилип, алынып турат.Соц.педагог , ИДН менен бирдикте мигрант үй-бүлөлөргө рейд жүргүзүп, такталып турат.Аралыктан окуу болгонуна карабастан класс жетекчилер окуучуларына рейд жасап келишти.

Кылмыштуулукту аладын алуу боюнча план иштери түзүлүп, көрсөтүлгөн мөөнөт боюнча иштер аткарылат.Тартип бузуу , мектептин эрежесине баш ийбөө, терс көрүнүштөрдү жасоо боюнча аңгемелер жүргүзулүп турат,Видео роликтер тема менен корсөтүлөт.

Мектеп ичинде балдарга адеп-ахлак, мекенге , ата-энеге болгон сүйүү, гумандуулук, боорукерлик, кайрымдуулук, кечиримдүүлүк боюнча класстык сааттар коюлган.Окуучулардын жашоотурмушунан алынган видео роликтер тема менен көрсөтүлөт.

Аз камсыз үй-бүлөлөргө колгон келген жардамды мектеп көрсөтүп турат.Ата-энелери менен байланышта болуп , маалыматтарды алып , түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

Жаңы Жыл « Балаты» майрамы аралыктан болгонуна байланыштуу класс жетекчи менен окуучулар куттуктоо иштерин видео, слайд,аудио аркылуу жүргүзө алышты.11-класстын окуучулары айылыбыздагы мүмкүнчүлүгү

чектелген балдарга жаңы жылдык белектерди тапшырышып , өздөрүнүн куттуктоолорун айтышты.

Бардык дүйнө эли жабыр тарткан КОВИД -19оорусу боюнча келген буйруктун негизинде окуучуларга класстык өтүлүп турду.Түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ата-энелер менен байланыш үзүлгөн жок.Аларга дайыма тазалык эрежеси тууралуу маалыматтар жеткизилип турду.КОВИД-19 оорусунан сактануунун ыкмалары, коомдук жайда беткапсыз жүрбөө, көчөгө чыкпоо эрежелери эскертилип жатты. Мектеп ичи өз убагы менен дезинфекиялоо иштнри жүргүзүлүп турду.

Сырткы мигрант окуучулардын ата-энелеринен камкорчу адамга түшүнүк кат алынган.

Жобонун негизинде 1-11 –класска чейинки ата-энелеринен түшүнүк кат жазылып алынды.Анда каникул убагында балдарды өз алдынча эс-алууга, тоого, көлгө, ар канда йэс алуу жайларга жагна кафелерге жөнөтпөө тууралуу. Ошондой эле коопсуздук эрежелери: унаа токтоочу жана өтүүчү жайлардан, электр жайгашкан жерлерден сактануу эскертирилди.

Өтулгон жана көрсөтүлгөн иш-чаралардан окуучулар жана ата-энелер менен бирдикте видеороликтерди жасап көрсөтүү менен тушүндүрүү маалыматтары да берилип турду.

Соц.педагогдун аткарган жумушу азыркы кырдаалда мамлекетибизге өтө чоң жардам болот деп ойлойм .Себеби соц.базаны аныктоонун алгачкы баскычы мектептен башталып жатпайбы. Ошондуктан биздин эмгегибиздин максаты, келечек жаш өспүрүмдөрдүн тагдырына кайдыгер карабастан туура жолго багыт берүүбүз эң маанилүү деп ойлойм.

Соц.педагог Далимов Х